С.Жусупбаев атындагы орто мектебинде өтүлгөн усулдук бирикменин чогулушунун

**№ 2 токтому**

29-октябрь 2021-жыл Жаңы-Тилек айылы

Катышканы-6

Катышпаганы-

Күн тартибинде каралуучу маселелер.

1. Башталгыч класстардын усулдук бирикмесинин ишинин абалы.
2. "Мыкты дубал газета" конкурсун өткөрүү.
3. "Айдын мыкты ачык сабагын" аныктоо.

Угулду. Күн тартибиндеги биринчи маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Рысбекова Гүлбарчындын билдирүүсү: башталгыч класстардын иштеринин абалын усулдук бирикме жетекчиси Касманбетова Фатима менен бирдикте карап чыктык. 4-класста 6 окуучу окуйт, мугалими Токтобекова Роза. Күндөлүктөрү текшерилген. Кыргыз тили, математика, орус тили дептерлери текшерилген, таза, сырттталган. Жазуу иштерин алганыбызда билим сапаттары 55% түздү. 3-класста 5 окуучу окуйт, мугалими-Сагындыкова Айты. Кыргыз тилинен окуучуларды оозеки сурадык. Эрежени билишет, эреже дептерлери бар, 2 окуучу шар, 3 окуучу муундап шар окушат. Кол жазмалары орто. Жазуу иштеринин жыйынтыгы 40% ти түздү. Дептерлери толук текшерилген . 2–класстын мугалими Касманбетова Фатима. Класста 9 окуучу окуйт. Адабий окуудан өтүлгөн темаларды билишет, түшүнүктөрүн айта алышат. 7 окуучу шар окуйт, 2 окуучумуундап шар. Кыргыз тилинен эрежелерди билишет. Математикадан кошуу, кемитүү амалдарын билишет, сандарды салыштырышат. Күндөлүктөрү текшерилген. Дептерлери текшерилген, сыртталган . Жазуу иштеринин жыйынтыгы 66%. Текшерүү иши 55%.

Гуманитардык методикалык секциясынын жетекчиси Керменова Чолпон: Негизинен башталгыч класстан окуучуларды жакшы окутуп, сабаттуу жазганга үйрөтүп, сөз байлыгын өстүрүп алсак кийин чоң класска барганда өзүбүзгө эле жакшы. Окуучу билим алганга умтулуп , жакшы окуп кете алат. Ал эми окуучу сабагынан жетишпей калса кийин чоң класска барганда ого бетер начарлайт. Ошондуктан башталгыч класстын иши абдан эле оор, жана жоопкерчиликтүү. Кол жазмаларына көңүл буруңуздар.

Күн тартибиндеги 2–маселе мыкты дубал газета конкурсун өткөрүү боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Г.Рысбекованын сөзү: Мугалимдердин ичинен чыгармачылык менен чыгарган дубал газетаны аныктап алалы. Ай жаңырганда эле, айдын бешинен калтырбай дубал газетаны чыгарган, маанилүү жана кызыктуу маалыматы бар дубал газета ээсин аныктайлы. Айрым чыгарылган дубал газеталар сапаты, мааниси жагынан орто болуп калып жатат. Изденүүчүлүк менен чыгарыңыздар. Табигый илимдер усулдук бирикмесинин жетекчиси Сапанованын сөзү: мен табигый илимдер методикалык бирикмесинен география сабагынын мугалими Базаркулова Саадаттын дубал газетасын көрсөтөт элем. Эң мыкты чыгарган. Табышмактар кызыктуу болгондуктан окуучулар окуп таап атышат, кызыктуу материалдар бар. Гуманитардык секциясынан кыргыз тили сабагынын мугалими Эсенбекованын дубал газетасын айткым келет. Кызыктуу маалыматтарды, табышмактарды жазып турат. Мугалимдерге арналган ыр саптары да эң жакшы. Чыгармачыл мугалимдердин бирикме жетекчиси Койчумpraванын сөзү: чындыгында жакшы чыгарылган дубал газетадан окуучулар кызыктуу маалыматтарды окушу керек. Эки барак болсо да

эринбей , окуучунун кызыгуусун ойготуп турушу керек. Мен дагы Турсунованын дубал газетасын көрсөткүм келет.

Күн тартибиндеги 3- маселе боюнча Ф.Касманбетова сөзү: октябрь айында башталгыч класстар жана гуманитардык секциясынан жумалыктарды өтүштү. 4-класс Токтобекова Роза “Кыргыздын учкул сөздөрү”, “Мен жөнүндө тамгалар эмне дейт”, “Метограмма”, “Кыргыз элинин өткөн ата бабалары”, “Макалдар жөнүндө шоу”, “Чынжырча”, “Математикадан аралаш жазылган сандарды ирettөө”, 3-класс Сагындыкова Айты “Тез ойлон”, “Кызыктуу математика”,
2-класс Касманбетова Фатима “Эринбестен эсепте,кана эмесе табалы”, “Табышмак”, Эсенбекова “Бат окуунун эрежелери”, Турсунова “Какое начало, такой конец”, “Римфовые загадки”, “Логические загатки”, Доктурбек уулу Улан “Тарых илими жөнүндө түшүнүк”, “Тарых илиминдеги жаңылыктар”, “Жаңы-Тилек менин айылым” аттуу темаларда көрсөтмөлүү, кызыктуу жумалык өтүштү.

Окуу бөлүмүнүн башчысы Г.Рысбекованын сөзү: ачык сааттар боюнча табигый илимдер усулдук бирикмесинен дене тарбия сабагынын мугалими Болжуров “Сызыктарга жүгүрүү”,
биология сабагынан Сатыбалдиева “Клетканын курамы”,
физика сабагынан Таалиеа “Жылуулук жанан температура”,
математикадан Сапаңова “Жыйынтыктоочу тапшырмалар”,
географиядан Базаркулова “Калктын куракткык жыныстык структурасы” -деген темаларды көрсөтмөлүү ачкы сабактарды өтүштү. Мугалимдер техникалык каражаттарды колдонуп өтүшү керек ошондуктан сабагыныздарга тех каражатты пайдаланып өтсөнүздөр жакшы болот. Бирок биз алдыңкы ачык сабакты чындыгында мугалимдин чыгармачылыгын эске алып,окуучулардын активдүүлүгүнө жараша жана сабактын өтүлүшүнө карата жыйынтык чыгарышыбыз керек.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап усулдук бирикме
чечим кылат:

1. Күн тартибиндеги биринчи маселе боюнча башталгыч класстарынын усулдук бирикмесинин ишинин абалы жакшы деп табылсын. Окуучулардын билим сапатын жакшыртуу жагы башталгыч класстардын мугалимдерине милдеттендирилсин жана кол жазмаларынын үстүнөн иштөө жагы колго алынсын. Муундап шар окуган окуучуларды шар окуганга жеткиришсин.
2. Күн тартибиндеги экинчи маселе боюнча айдын “Мыкты дубал газетасына” табигый илимдер методикалык бирикмесинен география сабагынын мугалими Базаркулова Саадаттын, гуманитардык секциясынан кыргыз тили сабагынын мугалими Эсенбекованын дубал газетасын мыкты деп табылсын.
3. Күн тартибиндеги үчүнчү маселе боюнча математика сабагынын мугалими Сапаңова Аксананын 6-класска өткөн “Жыйынтыктоочу тапшырмалар”-деген темадагы көрсөтмөлүү ачык сабагы айдын мыкты ачык сабагы деп табылсын.

Усулдук бирикменин төрайымы: Г.Рысбекова

29.10. 2021-жыл